Демократиялык Институттар жана Адам Укуктары боюнча Бюро

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

## ПАРЛАМЕНТТИК ШАЙЛООЛОР
## 27-февраль 2005 жыл

## ЕККУ/ДИАУБдун МУКТАЖДЫКТАРДЫ БААЛОО МИССИЯСЫНЫН ОТЧЕТУ

**9-11 Декабрь 2004**

**Варшава**
**4 январь 2005**

## МАЗМУНУ


**I. КИРИШҮҮ ... 1**

**II. КЫСКАЧА БАЯНДАМА ... 1**

**III. ИЗИЛДӨӨНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ... 3**

A. Шайлана турган Өкмөт органдары ... 3
B. Саясий контекст ... 4
C. Юридикалык база ... 5
D. Шайлоо администрациясы ... 6
E. Массалык маалымат каражаттары ... 8
F. Эл аралык жана ички байкоочулар ... 8

**III. КОРУТУНДУЛАР ЖАНА РЕКОМЕНДАЦИЯЛАР ... 9**

**1-ТИРКЕМЕ: ЕККУ/ДИАУБДУН МУКТАЖДЫКТАРДЫ БААЛОО МИССИЯСЫНЫН ПРОГРАММАСЫ ... 10**

**2-ТИРКЕМЕ: БЕЙӨКМӨТ УЮМДАР ЖАНА АТУУЛДУК КООМДОР МЕНЕН ТЕГЕРЕК СТОЛ ... 11**

**3-ТИРКЕМЕ: САЯСИЙ ПАРТИЯЛАР МЕНЕН ТЕГЕРЕК СТОЛ ... 11**

**4-ТИРКЕМЕ: МАССАЛЫК МААЛЫМАТ КАРАЖАТТАРЫ МЕНЕН ТЕГЕРЕК СТОЛ ... 12**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

## ПАРЛАМЕНТТИК ШАЙЛОО
## 27-февраль 2005 жыл

## ЕККУ/ДИАУБдун Муктаждыктарды Баалоо Миссиясынын Отчету
## 9-11 Декабрь 2004

## I. КИРИШҮҮ

Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюмунун Демократиялык Институттар жана Адам Укуктары боюнча Бюро (ЕККУ/ДИАУБ) 9 декабрдан 11 декабрга чейин Кыргыз Республикасында Муктаждыктарды Баалоо Миссиясын (МБМ) жүргүздү[1]. ЕККУ/ДИАУБдун Шайлоо Бөлүмүнүн Башчысынын Орунбасары Николай Вулчанов жана ЕККУ/ДИАУБдун Шайлоо боюнча Кеңешчиси Джонатан Стоунстрит МБМ өкүлдөрү болуп келишкен.

Биринчиден МБМдин башкы максаты 2005-жылдын 27-февралында боло турган парламенттик шайлоого карата көрсөтүлгөн даярдыктарга, ошондой эле ЕККУ астында милдеттенмелерге туура келген шарттарынын түзүлүшүнө жана даярдык деңгээлине баа берү; экинчиден, ЕККУ/ДИАУБ Шайлоону Байкоо Миссиясынын (ШБМ) орношуп иш баштоо боюнча керектүү шарттарды түзүш үчүн сунуш берүү болуп эсептелген. МБМ бийликтин, шайлоо администрациясынын, атуулдук жана эл аралык коомдордун өкүлдөрү менен Бишкек шаарында чогулуштарды өткөргөн (1 тиркемени карагыла).

ЕККУ/ДИАУБ Кыргыз Республикасынын Тышкы Иштер Министрлигине жана ЕККУнун Бишкектеги борборуна МБМдин убагында көрсөтүлгөн жардамы үчүн чоң ыраазычылыгын билдирет.

## II. КЫСКАЧА БАЯНДАМА

Келе жаткан 2005-жылдын 27-февралында боло турган Жогорку Кеңештин шайлоосу, ошол эле органга өткөрүлгөн 2000-чи жылдын феврал айындагы шайлоосунан кийинки жана Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана Шайлоо Кодексине толуктоолор кабыл алынгандан кийинки биринчи шайлоо болуп эсептелет. Шайлоонун контекстиндеги башкы өзгөртүүлөр бир палаталуу парламенттин түзүлүшү жана ага кире турган 75 депутат бир мандаттуу округ аркылуу шайланышы болуп эсептелинет. Кыргызстандагы позитивдүү кадамдардын байкалышына карабастан, ЕККУ өзүнүн мурунку өткөрүлгөн байкоолорунда шайлоо ЕККУ милдеттенмелерине жооп бере албагандыгын жыйынтыктаган.

2005-жылдын 27-февралында боло турган Парламенттик шайлоонун зор саясий маанилүүлүгү, келе жаткан 2005-жылдын октябрь айындагы Президенттик шайлоого тыгыз байланышы бар болгондугу анык. Бул Президеттик мөөнөтүнүн аягында А.

---

[1] Кыргыз Республикасы Кыргызстан деп да аталат, ошондуктан эки ат тең бул отчетто колдонулган.

Акаев өзүнүн Президенттигин, азыркы мыйзамга ылайык, калтырары жөнүндө бир нече жолу баяндады. Ага карабастан, жолугучуулардын көрсөтүүсу боюнча демилгечи топтор азыркы Президентти үчүнчү мөөнөткө шайлаш үчүн кол чогултуп жатышат.

Азыркы мөөнөттө бир нече катталган саясий жана оппозициялык партиялар жигердүү иштеп жатышат. Саясий партиялардын системасы өнүгүп жатканы менен, шайлоо системасындагы пропорциялуу шайлоо компонентинин жоюлушу партия системанын өнүгүшүнө зыян келтирүүдө. Ага карабастан, катышуучулар шайлоо округдарында саясий партиялардын да, көз карандысыз талапкерлердин да күчтү сыноосу орун ала тургандыгын күтүшөт.

Бул шайлоонун башкы маселеси шайлоо процессинин ачык-айрым жана акыйкаттуу өтүшү болуп эсептелет. Жогорку деңгээлдеги бийлик өкүлдөрү, чыныгы демократиялык шайлоо өткөрүү боюнча өздөрүнүн саясий эркин МБМга билдирди. Бирок, шайлоонун ачык-айрым жана акыйкат өтүшү үчүн бул саясий эрк бардык деңгээлде болушу керек.

Шайлоо Кодекси 2004-жылы көп өзгөрүүлөргө туш болгон, анын айрым өзгөрүүлөрү жылдын аягында гана, декабрь айында кабыл алынган. Шайлоо Кодексине кабыл алынган өзгөрүүлөрдүн кээ бирлери ЕККУнун шайлоого карата болгон милдеттемелерине ылайык келгени менен, ошол эле өзгөрүүлөрдүн ичинде ЕККУнун стандарттарына жооп бербеген жагдайлар бар. Жакынкы келечекте, ЕККУ/ДИАУБ өзгөртүлгөн Шайлоо Кодексинин толук баалоосун басып чыгарат.

Парламенттик шайлоо, Борбордук Шайлоо Комиссиясынан (БШК) баштап добуш берүү округдарына чейинки төрт деңгээлдүү администрация аркылуу башкарылат. Өзгөртүлгөн Шайлоо Кодекси белгилүү даражада саясий өкүлдөрдүн шайлоо администрациясында катышуусуна шарт түзөт, бирок саясий өкүлдөрдүн мыйзам чегинде бекителген катышуусу бул мыйзамдын аткарылышынан кийин гана аныкталат.

Шайлоо күнүндө бурмалоо ыктымалындай эле, шайлоочуларды каттоо сапаты катышуучулардын өтө маанилүү маселеси болуп эсептелет. Шайлоочуларды каттоо жана жыйынтыкттарды жарыялоо үчүн колдонулган «Шайлоо» электрондук системасы өзүнүн компьютердик программаларын жана жабдыктарын жаңылап туруусун талап кылат, анын ичинде «Шайлоо» системасы кайталанган добуш берүүнү идентификациялоо үчүн натыйжалуу ыкмаларды талап кылат.

Шайлоо округдарынын чегараларын белгилөө талаш маселеге айланды. ЕККУ/ДИАУБ МБМдин алган мааламаты боюнча БШК сунуш кылган Өзгөн шаарынын жаңы округдарга бөлүнүшү, Өзбек азчылык калкынын добушун азайтышына ыктымал, анткени Өзбек калкынын добуштары башка округдарга таралып кетиши мүмкүн.

Маалымат жарыялоо салыштырмалуу чектелген, телекөрсөтүү жана гезиттер көптөгөн элет жерлерине жетпейт. Шаардан тышкары жерлерде радио эң алгачкы маалымат алуучу каражат болуп эсептелет. Оппозициялык жана көз карандысыз

электрондук маалымат борборлорунун жетишпегени үчүн медиа сахнасындагы түзүлгөн күңүрт авал жөнүндө да катышуучулар баяндап беришти.

Алгачкы ички калыс байкоо жүргүзүү жакшы уюштурулгандай эле, ошону менен бирге ички байкоочулардын шайлоо күнүндө процедураларды көзөмөлгө алуу жөндөмдүүлүгү бир топ кеңейтилген. Бирок ички байкоочулар шайлоо күнүнө чейин шайлоо комиссиялардын иш чараларына байкоо жүргүзүүгө дагы деле укугу жок.

Келе жаткан Кыргыз Республикасындагы Парламенттик шайлоого байкоо жүргүзүш үчүн МБМ ШБМдин орнотулушун сунуш кылат. ШБМ, 1990-чу Копенгаген документине ылайык, шайлоо процессинин ички жана ЕККУ алдында демократиялык шайлоо боюнча алынган милдеттерине туура келишин көзөмөлдөйт.

ЕККУ/ДИАУБ ЕККУ уюмунун катышуучу өлкөлөрүнөн ШБМ-ге 20 узак мөөнөттөгү байкоочуларды (УМБ) 22-январдан баштап, ошондой эле 170 кыска мөөнөттөгү байкоочуларды (КМБ) шайлоо күнүнө жакын калганда бир жумага жиберүүнү суранды. УМБлар талапкерлердин каттоого жана үгүт кампаниясына көзөмөл салышат, КМБлар шайлоо күнүндө болгон процедураларды, алардын ичинде добуш берүүнү, добуш саноону жана жыйынтыктардын экрандан көрсөтүүнү байкашат. Экинчи этаптагы байкоо жүргүзүүнүн деңгээли биринчи этаптан кийин билинет.

## III. ИЗИЛДӨӨНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

### A. ШАЙЛАНА ТУРГАН ӨКМӨТ ОРГАНДАРЫ

Жогорку Кеңешке шайлоо Президенттин 2004-жылдын 10-декабрындагы Указы менен 2005-жылдын 27 февралына белгиленген. Ага чейинки болгон шайлоо 2000-жылы февраль айында өткөрүлгөнү үчүн бул келе жаткан шайлоо 2003-жылы 10-февралдагы референдум аркылуу Конституцияга өзгөртүүлөр киргизилгенден кийин жана Шайлоо Кодекси өзгөрүлгөндөн кийинки, биринчи шайлоо болуп эсептелет. Киргизилген өзгөртүүлөр Жогорку Кеңештин структурасын эки палаталуудан бир палаталууга өзгөрткөн, кээ бир депутаттардын пропорционалдуу тизме аркылуу шайланышын жойгон, ошондой эле депутаттардын санын 105тен (эки палатандагы) 75ке чейин азайткан. Бул реформа жаңы Жогорку Кеңештин шайлоосунан кийин күчүнө кирет. Ошондуктан, 75 депутаттын бардыгы бир мандату округдардан шайланылышат.

Талапкерлер округдордун ичинде берилген добуштардын 50 пайыздан ашыгына ээ болгондо гана депутат болуп шайлана алат[2]. Эгерде эки депутаттын бирөөсү да добуштардын басырымдуу көпчүлүгүн ала албаса, алар эки жумадан кийин экинчи тур шайлоосунда кайрадан күрөшкө чыгышат.

Жергиликтүү деңгээлдеги кеңештердин шайлоосу (облус жана район) 27-февралга белгилениши мүмкүн, бирок бул шайлоонун датасы алигиче указ аркылуу бекитилген эмес.

[2] Бюллютенде эки гана талапкер болсо, добуштун көпчүлүгүнө ээ болуу керек

## B. САЯСИЙ КОНТЕКСТ

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, Кыргыз Республикасы президенттик республика болуп эсептелет. Республиканын президенти элдик добуш аркылуу 5 жылдык мөөнөтко шайланат да, эки жолу гана шайлана алат. 2005-жылдын февралында боло турган парламенттик шайлоо 2005-жылдын октябрь айына дайындалган Президенттик шайлоонун контекстинде болуп эсептелет. Азыркы Президент Аскар Акаев эки мөөнөттүк Президенттик кызматын аткарып бүтүп, азыркы мыйзамга ылайык өз талабын кое албайт. Кээ бир катышуучулардын айтымына караганда Президент өзүнүн талапкерчилигин президенттикке койбосун ниет кылган. Бирок ага карабастан азыркы убакыта кээ бир колдоочулар А. Акаевдин президенттик мөөнөтүн узартуу боюнча референдум өткөрүгө кол чогултуу кампаниясын жүргүзүп жатат. Жаңы парламенттин курамы Аскар Акаевдин кайрадан талапкерлигин коюсуна уруксат бере турган өзгөртүүлөрдү киргизүүгө салым кошушу мүмкүн.

Катышуучулар бул контекстеги парламенттик шайлоонун зор маанилүүлүгү боюнча түрдүү көз караштарды айтышты. Кээ бирөөлөр парламенттик шайлоону, президенттик шайлоого карата прелюдия деп эсептешкени менен башкалары мыйзам чектерин аныктоодо парламенттин зор орун алганынан бул шайлоолорго президенттик шайлоого караганда көбүрөк маани берет. Парламенттик да, Президеттик да шайлоодо айыгышкан күрөш ыктымалы көп болгондуктан, шайлоо процессине элдин болгон ишеними жана алардын ЕККУ стандарттарына жооп бериши өтө маанилүү.

Кыргызстандын саясий партияларынын структурасы бир топ фрагменттелген жана өнүгүү процессинде; бир нече партиялар жана коалициялар жакында гана түзүлгөн. Ошого карабастан Юстиция Министирлигинде 40тан ашык саясий партиялар катталган. Алардын ичинен кээ бири жигердүү болбосо да, көпчүлүгү шайлоодо өз алдынча же партиялык блоктордун бөлүгү катары катышарын билгизишкен.

Эң алгачкы өкмөт тарабындагы саясий пратиялар болуп «Адилет» жана «Алга, Кыргызстан!» саналат. «Алга, Кыргызстан!», 2003-жылы 4 партиянын биригүүсүнүн натыйжасында түзүлгөн. Көпчүлүк оппозициялык партиялар 4 коалицияга бириккен – «Кыргызстандын Элдик Кыймылы», «Адилет Шайлоо үчүн Атуулдук Союзу», «Жаңы багыт» жана «Ата журт». Коалициялардын төртөөсү тең 2004-жылы түзүлгөн, «Ата журт» МБМдин бүтүшүнөн кийин түзүлгөн. Шайлоо учурунда оппозициялык топтордун бири-бири менен көмөктөшүүсү жөнүндө талкуулар болууда.

Саясий партиялардын президенттик шайлоого катышууга болгон кызыкчылыгын эсепке алганда Жогорку Кеңештеги депутаттардын санынын азайтылышы, ошондой эле жергиликтүү бизнес ишкерлеринин жана бийлик өкүлдөрүнүн шайлоо болгон кызыкчылыгы менен көптөгөн шайлоо округдарында айгышкан таймаш болорун күтсөк болот. Кээ бир катышуучулар талапкерлердин кызыкчылыгына пайда берүү үчүн административдик ресурстарды туура эмес колдонуусу жана шайлоочуларга пара берүү учурлары орун алышы мүмкүн деген тынчсыздануууларын билдиришти.

Бул шайлоонун башкы маселеси анын ачык-айрым жана акыйкат болуп өтүшү эсептелет. Мурунку болуп өткөн шайлоолордо болгон кемчиликтерди эске алып, президент Аскар Акаев эл астында келе жаткан шайлоонун акыйкаттуу өтүшүнүн зор маанисин белгиледи. Бул президент көрсөткөн саясий эрк бийликтин бардык деңгээлдерине жеткени анык эмес. Ошондой эле Шайлоо Кодексин бурмалаган же болбосо аны аткара албаган бийлик өкүлдөрүнө же шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө каршы Борбордук Шайлоо Комиссиясы жана соттордун иш чара көрөрүнө ишеним жок.

Позитивдүү кадамдардын байкалышына карабастан ЕККУ/ДИАУБдун мурунку өткөрүлгөн байкоолорунда шайлоо ЕККУ принциптерине ылайык өткөрүлгөн жок деген жыйынтыкка келген.

## C. ЮРИДИКАЛЫК БАЗА

Шайлоо Кодексине алгачкы өзгөрүүлөр жана толуктоолор 2003- жана 2004-жылдары киргизилди. Өзгөрүүлөр мыйзам аркылуу 2004-жылдын 24-январында жана декабрь айы бою кабыл алынган. Жергиликтүү кеңештерге шайлоо өзгөртүлгөн кодекс аркылуу 2004-жылдын 10-окрябрь айында өткөн, бирок ЕККУ/ДИАУБ аларга байкоо жүргүзгөн жок. Шайлоо кодексине кабыл алынган кээ бир өзгөртүүлөр ЕККУ стандарттарын илгерилеткени менен кээ бирлери ага чейинки проблемаларды чечпестен татаалдаштырды. Шайлоо кодекси ЕККУ стандарттарына ылайык келиши үчүн ага дагы өзгөртүүлөр киргизилиши керек. Жакынкы келечекте ЕККУ/ДИАУБ өзгөртүлгөн шайлоо кодекс баалоону жарыкка чыгарат.

Бул документ жарыкка чыкканга чейин кээ бир өзгөртүлгөн кодекстин позитивдүү аспектерин айта кетүүгө болот, булар: ички калыс байкоо жүргүзүүгө кам көрүү; кайталануучу добуш берүүнү болтурбоо үчүн маркировканы колдонуу; талапкерлердин бирөөсү дагы добуштардын көпчүлүгүн ала албаганынан улап ошол округда экинчи айлампа шайлоосун өткөрүү; бардык талапкерлерге жалпы кампания башталыш күнүн белгилөө; шайлоо комиссияларында катышуу мүмкүнчүлүгүнүн кеңейиши.

Мыйзамдагы калган эң маанилүү кемчиликтер: талапкер болуу укугуна коюлган чектөөлөр; шайланган депутаттын мөөнөтүн күн мурун токтотуу; жакшыртууларга карабастан, шайлоо комиссиясынын курамынын жетишпес плюрализми; талапкерлердин жана ММКнын ачык-айкын сүйлөөгө болгон укуктарынын чектелүүсү; шайлоо процессинин байкоочуларга болгон толук ачыктыгы; шайлоо укугун жетиштүү түрдө коргой албаган доомат жана арыз берүү процедураларыю. Натыйжаларды аныктаган процедуралар такталышы керек жана ошондой эле добуш берери менен жыйынтыктардын бардык деңгээлдерде жарыяланышы мыйзам түрүндө талап кылынышы зарыл.

МБМ менен жолугушууда, саясий партиялардын жана атуулдук коомдордун өкүлдөрү негизинен шайлоо кодексине канаттаанышканын билгизишти. Бирок кандай болсо да, добуштарды каттоо системасы санга салынды, ошондой эле оппозиция өкүлдөрү пропорционалдык тизме аспектисинин парламенттик шайлоодон алынышы саясий партиялардын өнүгүшүнө терс таасирин тийгизет деген ой-пикирди айтышты.

Оппозиция өкүлдөрү байкагандай бул мыйзамдын аткарылышы бийликтин акыйкат шайлоого берилген саясий убадасынын сынагы болот. Оппозициянын көпчүлүк өкүлдөрү шайлоонун мыйзамга ылайык өткөрүлүшүнө ишенбегендерин билдиришти. Саясий партиялардын бардык өкүлдөрү 10-октябрда болуп өткөн жергиликтүү кеңештердин шайлоосунда бурмалоолор орун алган дешти, бирок алардын шайлоо учурунда болгон бурмалоолорго берген баасы айырмаланды.

ШБМдин дагы бир көңүл бурган маселеси Конституциялык жана Шайлоо Кодексинин беш жылдан бери үзгүлтүксүз жашаган атуулдун гана талапкер боло алышын талап кылган жобо[3]. Борбордук Шайлоо Комиссиясынын ушул жоболордун түшүндүрмөсүндө акыркы беш жылдын ичинде чет өлкөдө Кыргыз Республикасынын Элчиси болуп иштеп келген адамдар талапкер болуп каттала албайт. Бул жобого нааразы болгон адамдар конституциялык сотко арыз жазышты. Талапкерлердин катталышы жана каттоодон чыгарылышы мурунку болуп өткөн шайлоолордун көйгөйлүү маселеси болгон, ошондуктан ШБМ бул маселеге өзгөчө көңүл бурат.

Жакында конституциялык сот эркин чогулуш өткөргөнгө бийликтин уруксатын талап кылган мыйзамды жойду, эми болсо иш жүзүндө талапкерлер жана саясий партиялар өздөрүнүн массалык чогулуштарын өткөрүүсү жөнүндө бийликтерди маалымдоосу гана талап кылынат[4].

## D. ШАЙЛОО АДМИНИСТРАЦИЯСЫ

Парламенттик шайлоо администрациясы төрт деңгээлден турат: биринчиси, Борбордук Шайлоо Комиссиясы; областтык, Бишкек шаардык жана Ош шаардык комиссиялар; округдук шайлоо комиссиялары; райондук шайлоо комиссиялары. Өзгөртүлгөн мыйзамга жараша шайлоо комиссияларынын үчтөн бир бөлүгү саясий партиялар тарабынан, башка үчтөн бир бөлүгү атуулдук коомдор тарабынан жана калган үчтөн бир бөлүгү тиешелүү өкмөт органдары тарабынан тандалат. Шайлоо кодексинин жаңы мазмуну жөнүндө маалыматтын жетишпестиги жана бир топ кишилердин начар сыйлыкка ыйгарылган жана саясий кысымга дуушар болгон позицияларын алгысы келбегендиги үчүн, саясий партиялар жана атуулдук коом тарабынан шайлоо комиссияларына өз мүчөлөрүн дайындалышы 10-октябрдын жергиликтүү шайлоосунда начар болгон. Мугалимдердин округдук шайлоо комиссияларында мажбур түрүндө иштетилиши боюнча арызы МБМдин көңүлүн бурган маселе болуп эсептелет. Областтык жана райондук деңгээлдеги шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн өзгөртүлгөн шайлоо кодекси боюнча болгон билими катышуучулар тарабынын начар деп бааланган. Бул маселени жоюу боюнча Борбордук Шайлоо Комиссиясы жана эл аралык уюмдар тренингдерди өткөрүүдө.

Шайлоочуларды каттоо маселеси катышуучулардын жана Борбордук Шайлоо Комиссиясынын тынчсызданууусун туудурган маселе болуп саналат. Ички жана тышкы миграция деңгээли боюнча түрдүү маалыматтар берилсе да, анын көп

---

3 Ошол эле жободо, эрежеден тышкары нерсе болуп алты айлык «бизнес, илимий, жумушка байланыштуу, же башка маселе менен чет өлкөгө баруу» каралган.

4 «Атуулдардын куралсыз, тынч чогулууга жана эркин түрдө чогулуштарды жана демонстрацияларды өткөрүүгө укугу» жөнүндө мыйзам.

болгондугу талашсыз. Мамлекеттин көптөгөн округдарында шайлочууларды каттоо тизмелери ошол аймакта жашабаган адамдарды деле камтыйт, ошол эле убакта башка жерлерде өзгөчө Бишкек шаарында көптөгөн шайлоочулар өздөрү жашаган округдардын шайлоо тизмелерине кирбейт, себеп дегенде алар өздөрүнүн жашаган жерин алмаштырганы менен өз убагында расмий түрдө катталган эмес. Бул түзүлгөн абал көптөгөн шайлоочулардын шайлоого болгон укугун бузбастан, шайлоо учурунда бурмалоого мүмкүнчүлүк түзөт жана ар кайсы берилген округдарда шайлоочулардын мыйзам алдында берилген теңдигин бузат. Кыргызстан атуулдарынын эң башкы күбөлүгү болгон жаңы паспортторду таратуу мөөнөтүнүн кечиктирилиши шайлоочулардын шайлоо укугунун аткарылышына кошумча тоскоолдук түзүшү мүмкүн деп эл аралык катышуучулар тынчсызданып жатышат. Бирок Борбордук Шайлоо Комиссиясынын жана башка бийлик өкүлдөрүнүн айтынында бул коркунуч негизсиз, себеп дегенде паспортунун мөөнөтү өткөн жана паспорт алууга эми жашы жеткен атуулдарга убактылуу күбөлүк кагаздары берилет.

Мурдагы болуп өткөн бардык шайлоолордо, ошондой эле 10-октябрдагы өткөн жергиликтүү шайлоолордун учурунда шайлоочулардын бирден көп жолу добуш берүүсү боюнча маалыматтар келип түшкөн. Шайлоого элдин ишенимин түзүү үчүн 2004-жылдын октбрь айында кайталанма добуш берүү мүмкүнчүлүгүн жоюу боюнча иш-чараларын көрүлүп шайлоочулардын бармактарын сыяга боео боюнча Президент мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизди. Мыйзамсыз каттоо, мажбурлоо түрүндө добуш берүү жана убактылуу түрдө күбөлүктөрүн алып калуусу аркылуу студенттердин шайлоого болгон укугунун бузулушу жөнүндө да маалыматтар келип түшкөн. Борбордук Шайлоо Комиссиясынын Төрагасынын айтымында бул проблема өзгөчө Бишкек шаарындагы университет жайгашкан округда байкалат.

Борбордук Шайлоо Комиссиясы «Шайлоо» электрондук системасын мамлекеттик деңгээлде шайлоочулардын каттоосун көзөмөлдөө үчүн, ошондой эле шайлоо жыйынтыктарын экран аркылуу жарыялоо жана жыйынтыктоо үчүн колдонот. Бул система мурдагы болуп өткөн шайлоолордо жана референдум учурунда колдонулган, ал ошондой эле, шайлоонун ачык-айкындуулугуна салым кошкон, ар бир округ боюнча жыйынтыктарды экран аркылуу көрсөтүүгө мүмкүнчүлүгү бар. Бирок Борбордук Шайлоо Комиссиясынын Төрагасы МБМге айткандай «Шайлоо» системасынын программасы жана жабдыктары эскиргенинен өзү натыйжалуулугун азыркы убакыта жоготкон. Бул система шайлоочуларды каттоону башкаруу жана кайталанма добуш берүү учурларын байкоо боюнча ыкмалардын натыйжалуурак болушун талап кылат. Шайлоо күнүнө чейин системаны толук түрүндө жаңыртуу аракеттери азыркы убакыта көрүлүүдө, бирок эгерде бул ишке ашпаса, шайлоо жыйынтыктарын кагаз түрүндө жарыялоого тура келет. Төрага бул элдин шайлоого болгон ишенимин азайтууга алып келет деп белгиледи. Ошондой эле ар бир округдун жыйынтыктарын Борбордук Шайлоо Комиссиясынын интернет сайтында шайлоонун эртеси эле тапса болот деп ишендирди Төрага.

Келечектеги Жогорку Кеңештеги депутаттардын санынын азайышынан, БШК округ чектерин кайрадан белгилөөгө мажбур болгон. Бул процесс МБМ жүрүшүндө аягына чыккан эмес, себеп дегенде азыркы парламент БШКнын жаңы округдарды белгилөө боюнча берилген сунушун кабыл албай койду. ЕККУ/ДИАУБ МБМдин алган маалыматы боюнча БШКнын сунуш кылган Өзгөн шаарынын жаңы округдарга

бөлүнүшү, Өзбек азчылык калкынын добуш күчүн азайтышы ыктымал, анткени Өзбек калкынын добуштары башка округдарга таралып кетиши мүмкүн.

Мурунку болуп өткөн шайлоолор учурунда шайлоо баракчаларынын кагаз түрүндө чыгаруунун көйгөлүү маселеси дагы деле оппозициялык коалициялар тарабынан көтөрүлдү. Талапкер өкүлдөрү бюллетендердин кагаз түрүндө чыгарылышын байкоого укугу бар, бирок ички байкоочулар бул укукка ээ эмес.

## E. МАССАЛЫК МААЛЫМАТ КАРАЖАТТАРЫ

Өзгөчө Бишкек шаарынан сырткары, жарандардын көпчүлүгүндө массалык маалымат алууга мүмкүнчүлүктөрү жок. Медиа өкүлдөрүнүн айтымында Кыргызстанда мамлекеттик радио эң жеткиликтүү маалымат каражаты болуп эсептелет. Кээ бир эсептөөлөрдүн жыйынтыгында телекөрсөтүү аркылуу маалымат берүү Кыргызстандын 60% калкын тейлей алат, анын ичинен мамлекеттик телекөрсөтүү эң жеткиликтүү канал болуп эсептелет. Бул жылдын башында «Пирамида» телекомпаниясынын сатылышынан кийин Кыргызстанда көз карандысыз болуп саналган телекомпаниялар калган жок. «Пирамиданы», президент үй-бүлөсүнүн кызыкчылыктарын колдогон адамдар тарабынын сатып алышты деген имиш бар.

Шаар жерлеринен тышкары гезит аркылуу маалымат берүү чектелүү түрдө бар, же таптакыр эле жок. Гезиттердин көпчүлүгү аз жана жергиликтүү таркатылат, ал эми кээ бир оппозициялык же көз карандысыз гезиттердин айтымында алар өз редактордук позициясынан басынтууга дуушар болушат.

## F. ЭЛ АРАЛЫК ЖАНА ИЧКИ БАЙКООЧУЛАР

МБМдин көптөгөн катышуучулары ЕККУ/ДИАУБдын 27-февралда өткөрүлө турган парламенттик шайлоого байкоо жүргүзүү миссиясынын келишин колдошту, ошондой эле кээ бир катышуучулар эл аралык байкочулардын көбүрөк санда болуш керектигин баса белгилеп кетишти. ЕКУУ/ДИАУБ Тышкы Иштер Министрлигинин атынан парламенттик шайлоо үстүнөн байкоо жүргүзүү боюнча чакыруусунун кабыл алышты.

Республика ичинде атуулдук коом кыйла жигердүү. Бишкек шаарында болгон учурда МБМ бир топ эл аралык жана ички бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрү менен чогулуштарды өткөрдү. Ал чогулуштарда шайлоо алдында түзүлгөн саясий абал жана көз карандысыз ички байкоо жүргүзүү мүмкүнчүлүгү талкууланды. Шайлоо кодексине киргизилген өзгөртүүлөр ички байкочулардын укуктарын кеңейткен, эми алар шайлоо күнүндө бардык аспектилерге көз сала алышат жана жыйынтыктоочу протоколдордун көчүрмөсүн ала алышат. Бирок ошонун катарында эле ички байкоочулар кампания учурунда шайлоо комиссиялары тарабынан жүргүзүлгөн ишке кийгилише албайт. Кыргызстандагы шайлоого эң алгачкы байкоо жүргүзүүчү Атуулдук Коом жана Демократия үчүн Коалиция уюму шайлоо күнүндө көп иш-чараларды ашырууну пландаштырууда. Алардын айтымында алар 10-октябрдагы өткөн жергиликтүү шайлоого толук түрүндө байкоо жүргүзүштү, кээ бир гана шайлоо участкаларына алардын алыстыгынан байкоо жүргүзүлгөн эмес.

## III. КОРУТУНДУЛАР ЖАНА РЕКОМЕНДАЦИЯЛАР

ЕККУ/ДИАУБ МБМ Кыргызстандагы келе жаткан парламенттик шайлоого байкоо жүргүзүү үчүн шайлоо күнүнө алты жумага калганда ШБМдин орнотулушун сунуш кылат. Алгачкы эксперттерден сырткары 20 узак мөөнөттөгү байкоочулар эки адамдан түзүлгөн он команда болуп Кыргызстан боюнча январдын ортосунда орнотулушу зарыл. Шайлоо күнүндө бурмалоонун болушу ыктымыл дегенден, шайлоо күндөгү процедураларды байкоо жүргүзүш үчүн, 170 кыска мөөнөттөгү байкоочулардын жиберилиши туура. Бир да талапкер 50%тен ашык добуш албаган шайлоо округдарда эки жумадан кийин шайлоонун экинчи айлампасы өткөрүлөт. ЕККУ/ДИАУБ шайлоонун экинчи туруна да байкоо жүргүзөт, бирок анын катышуусунун даражасы экинчи тур боло турган округдардын санынын жараша болот.

## 1-ТИРКЕМЕ: ЕККУ/ДИАУБДУН МУКТАЖДЫКТАРДЫ БААЛОО МИССИЯСЫНЫН ПРОГРАММАСЫ

ЕККУ/ДИАУБ ЕККУ Бишкек шаарындагы Борборуна МБМ үчүн уюлуштурган жолугушуулар жана башка көрсөтүлгөн жардамы үчүн чоң ыраазычылыгын билдирет.

| Убактысы | Уюм | Өкүлдөрү |
|---|---|---|
| **9-декабрь, Бейшемби** | | |
| 14:00 | Шайлоо үчүн эл аралык жардамды координациялоо чоголушу | |
| 14:30 | Евгений Шмагин | Россия Федерациянын Элчиси |
| 15:00 | Ежи Скуратович | БУУнун Өнүгүү боюнча Программасынын Башчысы |
| 16:00 | Салваторе Амадео<br><br>Давид Микосз<br>Эйми Шултц<br>Джеф Лилей<br>Дженифер Крофт | Саясат боюнча Кеңешчи, АКШ элчилиги<br>IFESтин өлкөдөгү Директору<br>NDIдын өлкөдөгү Директору<br>IRIдын өлкөдөгү Директору<br>Демократия жана Маалымат боюнча Кеңешчи, USAID |
| 17:00 | Уте Катзш-Эгли | Орунбасар, Германия Элчилиги |
| 18:00 | Маркус Мюллер | Элчи, ЕККУ Бишкектеги Борборунун Башчысы |
| **10-Декабрь, Жума** | | |
| 09:00 | Болот Жанузаков | Биринчи Орунбасар, Президенттик Администрация |
| 10:30 | Сулайман Иманбаев | Төрага, Борбодук Шайлоо Комиссия |
| 12:00 | «Шайлоо» системасынын презентациясы | |
| 14:00 | Кубатбек Байболов | Төраганын Орунбасары, Жогорку Кеңештин Мыйзам Кабыл Алуучу Палатасы |
| 16:00 | Болот Отунбаев | ЕКУУ жана батыш өлкөлөр боюнча Департаменттин Башчысы, Тышкы Иштер Министрлиги |
| 17:00 | Бейөкмөт уюмдардын жана Атуулдук коомдор менен тегерек стол | 2чи Тиркемени карагыла |
| **11-декабрь, Бейшемби** | | |
| 10:00 | Саясий партиялар менен тегерек стол | 3чү Тиркемени карагыла |
| 12:00 | Массалык маалымат каражаттары менен тегерек стол | 4чү Тиркемени карагыла |
| 15:30 | Эдил Байсалов | Демократия жана Атуулдук Коом үчүн Коалиция |

## 2-ТИРКЕМЕ: БЕЙөКМөТ УЮМДАР ЖАНА АТУУЛДУК КООМДОР МЕНЕН ТЕГЕРЕК СТОЛ

| Чакырылган уюмдар | Катышкандар |
|---|---|
| Жаштардын адам укуктары үчүн уюшкан топ | X |
| Коррупцияга каршы атуулдук коом | X |
| Демократия жана атуулдук коом үчүн коалиция | X |
| Бейөкмөт жана көзкарандысыз уюмдардын ассоциациясы | |
| Көз карандысыз окумуштуулар жана юристтердин ассоциациясы | X |
| Социалдык малыматтык бюро | X |
| Жергиликтүү башкаруу институттарынын Кыргыз Республикасыдагы Ассоциациясы | X |
| Бигим студиясы | X |
| Шайлоо системалары боюнча «Полис» борбору, «Жаш Ордо» бейөкмөт уюму | |
| Орус фондусу | |
| Кыргызстандын жаштар клубу | X |

## 3-ТИРКЕМЕ: САЯСИЙ ПАРТИЯЛАР МЕНЕН ТЕГЕРЕК СТОЛ

| Чакырылган Саясий Партиялар Жана Коалициялар | Өкүлдөрү | Катышкандар |
|---|---|---|
| Алга Кыргызстан | Мелис Жунушалиев | X |
| Кыргызстандын Элдик Кыймылы | Курманбек Бакиев | X |
| Кыргызстандын Элдик Кыймылы | Ишенгүл Садыкова | X |
| Адилет Шайлоо үчүн Атуулдук Союз | Эмил Алиев | X |
| Адилет Шайлоо үчүн Атуулдук Союз | Мисир Ашыркулов | X |
| Жаңы Багыт | Муратбек Иманалиев | X |
| Кыргызстандын Коммунисттик Партиясы | Николай Байло | X |

**4-ТИРКЕМЕ: МАССАЛЫК МААЛЫМАТ КАРАЖАТТАРЫ МЕНЕН ТЕГЕРЕК СТОЛ**

| **Маалымат Каражаттары** | **Кытышкандар** |
|---|---|
| Аки Пресс | |
| Моя Столица | X |
| Times of Central Asia | |
| Interfax | X |
| Би-Би-Си радиосу | X |
| Слово Кыргызстана | |
| Общественный рейтинг | |
| Reuters | X |
| «Кабар»мамлекеттик маалымат агентствосу | |
| ИТАР-ТАСС | |
| «Азаттык» радиосу | X |
| AIF | |
| Уллуттук теле-радио компаниясы | X |
| IWPR | X |
| CIMERA | X |